КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ЖАНЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ № 21-29/1

29 чакырылышынын 21-сессиясы **19.08. 2026 ж.**

« Капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөн 110 орундуу бала бакчаны ишке киргизүү жөнүндө»

Жаны-Пахта айыл аймагына караштуу Жаны-Пахта айылында жайгашкан мурдагы бала бакчанын имараты капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлүп, балдардын мектепке чейинки билим алуусу жана тарбияланышы үчүн тиешелүү шарттар түзүлгөндүгүнө байланыштуу, мектепке чейинки билим берүү кызматтарынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу жана айыл аймагындагы мектепке чейинки курактагы балдарды бала бакча менен камтууну жакшыртуу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын жана башка ченемдик укуктук актыларды жетекчиликке алып, Чүй облусунун Сокулук райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Ташкулов И.А нын 2026-жылдын 17-августундагы №01-3/254 тескемесин эске алып, Жаңы-Пахта айылдык кеңеши,

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Жаны-Пахта айыл аймагына караштуу Жаны-Пахта айылында жайгашкан, капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөн мурдагы бала бакчанын имараты белгиленген тартипте 110 орунга эсептелген бала бакча катары ишке киргизилсин.
2. Ачылган бала бакча “Күндүн Нуру” деп аталсын.
3. Бала бакчанын ишин уюштуруу үчүн зарыл болгон уюштуруу документтери, штаттык ырааттама, чыгымдар сметасы жана башка тиешелүү документтер мыйзамда белгиленген тартипте даярдалып, бекитилсин.
4. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Жаны-Пахта айыл өкмөтүнүн башчысы Абдыкеримов М.К га жүктөлсүн.

Жаны- Пахта айылдык
кеңешинин төрагасы Саитбеков З.М.